КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

ШАЙЫБЕК АТА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА
ШАЙЫБЕК АТА

**Шайыбек ата айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин XVI-сессиясы**
**Токтом №12**

**12.03.2026-жыл**

**Чоң-Сары-Ой айылы**

## Жер тилкесин муниципалдык менчикке кабыл алуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 мыйзамынын 34-беренесине, Ысык-Көл райондук сотунун 2025-жылдын 20-майындагы №ГД-302/25-и-4 сандуу чечиминин, Ысык-Көл районунун прокуратурасынын 2026-жылдын 11-мартындагы №А26/115-07-00031 сандуу ченемдик укуктук актылардын бузулушун четтетүү жөнүндө сунуштамасынын негизинде, карап, талкуулап чыгып Шайыбек ата айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Айтиев Тынычбек Саякбаевичтин өзүнө таандык Чоң-Сары-Ой айылында жайгашкан бирдиктүү номери 2-03-03-1001-0898 аянты 6280 $м^2$ жер тилкеси муниципалдык менчикке кабыл алынсын.

2.Токтомдун аткарылышы Шайыбек ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Исанаевага, жер адис У.Каировго жана юрист М.Абдыкадыровго милдеттендирилсин.

3. Токтомду каттоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн облустук Юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Токтомду көзөмөлгө алуу жагы Шайыбек ата айыл аймагынын жергиликтүү кеңештин «Депутаттык иш, мыйзамдуулук, укук коргоо, аскердик тарбия, спорт жана жаштар маселеси боюнча» жана Жер агрардык реформа кайра иштетүү өнөр-жай, курулуш, байланыш, транспорт, отун-энергетика боюнча туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

**Төрага** **Т.Туйгунов**

*Жиб: иш кагаздарына-1, Ысык-Көл райондук кадастр-2, айыл Өкмөтү-1, обл юст-2.*